# ЭМГЕК МИГРАНТЫ ҮЧҮН ЧӨНТӨК КИТЕПЧЕСИ

## Евразиялык Экономикалык Биримдигинин жарандары үчүн

## Урматтуу достор!

Бул брошюра Евразиялык Экономикалык Биримдиктин эмгектенүү үчүн Россияга барууга камданып жаткан, же барып эмгектенип жаткан жарандары үчүн иштелип чыккан. Сиз, бул жерден эмгек мигрантынын Россияга баруусунун укуктук аспекттери, тактап айтканда Санкт-Петербургда миграциялык каттоого туруу ( расмий катталуу), ишке орношуу, турак-жайды ижарага алуу, медициналык камсыздандыруу, полиция менен сүйлөшүү, балдарга билим берүү жөнүндө пайдалуу маалыматтарды таба аласыз. Брошюрада ошондой эле пайдалуу даректер жана телефондор камтылган.

«Эмгек мигранты үчүн чөнтөк китепчеси» Сизди мыйзам бузууга байланыштуу маселелерге кабылуудан, ниети таза эмес алдамчы жумуш берүүчүлөргө, чиновниктерге жана адамдарга кабылып калуудан коргойт.

Сизге бир гана ийгилик жана иш-билги тажрыйбаларыңыздын артышын каалайбыз!

**КӨҢҮЛ БУРГУЛА!**
**РОССИЯНЫН МИГРАЦИЯ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДАРЫ ӨЗГӨРҮШҮ МҮМКҮН. БУЛ БАСЫЛМАДАГЫ КЕҢЕШТЕР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР 2016-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНА КАРАТА НЕГИЗДЕЛДИ.**

**МАЗМУНУ**

Россияга барууга даярдануу

Миграциялык картаны толтуруу жана чек арадан өтүү

Миграциялык каттоого турууга даярдануу (катталуу)

Евразиялык Экономикалык Биримдиктин жарандары
үчүн маанилүү маалымат

Россияда жумушка орношуу
(кантип туура жумушка орношуу керек)

Жумуш издөө жана Санкт-Петербургда
жумушка орношуу

Эмгек келишимин түзүү

Жарандык-укуктук келишимди түзүү

Россиядагы жашоо: пайдалуу кеңештер

Медициналык жардам

Турак-жайды ижарага алуу

Документтерди текшерүү жана полиция
менен сүйлөшүү

Чет жердик жарандардын балдарына билим берүү

Балдар бакчасына кабыл алуу

Мектепке кабыл алуу

РФнын аймактарында убактылуу жашап туруу үчүн
уруксат алуу

Миграциялык мыйзамдарды бузгандыгы
үчүн жоопкерчилик

Толук даректер жана телефондор

## РОССИЯГА БАРУУГА ДАЯРДАНУУ

Россияга баруу үчүн алдын ала даярдануу керек. Ар түрдүү маселелерге кабылып калуудан качуу үчүн биз Сизге төмөнкү кеңештерди беребиз:

## СИЗ РОССИЯНЫН КАЙСЫ АЙМАГЫНА БАРУУНУ КААЛАЙТ ЭЛЕҢИЗ?

Россия – абдан чоң өлкө. Россиянын ар бир аймагы уникалдуу жана өзүнүн маданий өзгөчөлүктөрү менен ажайып жерлери бар. Россия Федерациясынын ар бир аймагындагы жашоо деңгээли менен акча табуу деңгээли бири-биринен абдан айырмаланып турат.

Санкт-Петербургда мигранттарга жардам берүүчү - «Санкт-Петербургга кош келиңиз!» - www.migrantinfo.spb.ru: сайты ачылды: Сиз бул жерден шаар жөнүндө, миграция мыйзамдары жөнүндө көптөгөн маанилүү кеңештерди, ишке орноштуруу жана документтерди каттоо, турак-жай табуу жана башка көптөгөн башка маселелер тууралуу зарыл маалыматтарды таба аласыз.

Санкт-Петербургдун китепканаларында «Мигранттын бурчу» - деген аталыштагы маалыматтык-кеңеш берүүчү пункттар ачылган, бул жерден Сиз миграция жана эмгек мыйзамдары маселелери боюнча электрондук ресурстарды, керектүү маалыматтарды таба аласыз жана интернет түйүнүнөн колдонсоңуз болот.

Санкт-Петербургдун библиотекаларынын тизмесин жана даректерин Сиз шаардын жалпыга жеткиликтүү библиотекаларынын **www.ksob.spb.ru/participants** сайтынан таба аласыз.

## БОШ ЖУМУШ ОРУНДАРЫ МЕНЕН ТААНЫШУУ ЖАНА ЫЛАЙЫКТУУ ЖУМУШ ТАБУУ

Ортомчулардын жардамына же капыстан туш болуучу ийгиликтерге ишенүү кооптуу. Баарынан жакшысы, Сиз расмий бош жумуш орундары менен таанышуу аркылуу өз суроо-талаптарыңарга ылайык келе турган жумушту алдын ала таап ала аласыз.

Россиянын бардык аймактарындагы жумуш берүүчүлөрдүн расмий түрдөгү сунуштарын http://trudvsem.ru/ сайтынан таба аласыз – бул РФнын Эмгек жана ишке орноштуруу министрлигинин бош жумуш орундары боюнча жалпы россиялык топтому.

Сиз ошондой эле, Кыргызстандагы Кыргызстандын Мамлекеттик миграция кызматынын алдындагы маалыматтык-кеңеш берүүчү борборго төмөнкү дарек боюнча кайрыла аласыз:
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары
Токтогул көч., 237/ Жаш-Гравдия бульвары,
тел. +996 312 64 17 64,
Эл.дарек: oec.2014.kg@gmail.com, сайт: **www.oec.kg**

Санкт-Петербургга жолго чыгууга даярдануу жана жумуш табуу үчүн Сизге мамлекеттик мекемелердин өкүлдөрү жардам берет:

«Эмгек ресурстары борбору» СПб ГАУ
«Ысык байланыш»: 8 (800) 333-70-97, **www.spbgauctr.ru**

«Санкт-Петербургдун калкын ишке орноштуруу борбору» СПб ГАУ
Тел. +7 (812) 571-00-41, **www.r21.spb.ru**

Ишке орноштуруу агенттиктеринин толук тизмеси СПб ГАУ ЦЗН:
**http://r21.spb.ru/empl/about/info.htm**

## РОССИЯНЫН МЫЙЗАМДАРЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮ

Көңүл бургула! Чет жердик жумушчуларга талап өзгөрүшү мүмкүн.

Маанилүү өзгөрүүлөргө көңүл бургула:

! 2016-жылдын 1-июнунан баштап, Федералдык миграциялык кызмат (ФМК) жоюлду, анын иш-милдети РФнын Ички иштер бөлүмүнүн миграция маселелери боюнча башкы башкармачылыгына өткөрүлүп берилди (РФ ИИМ МИББ). Ленинград облусунда болсо, миграция маселелерин Санкт-Петербург жана Ленинград облустары боюнча ИИМдин ШБ миграция маселелери боюнча башкармалыгы (ММБ) карайт.

***Россияга кирип жатканда миграциялык картага кирүү максаты «жумуш иштөө» деп көрсөтпөгөн Кыргызстандын жарандары кирген күндөн баштап, РФда 180 сутка же 90 күндөн ашык эмес убакыт аралыгында жүрө алышат. Бул 180 сутканын ичинде Сиз Россияга бир нече жолу келе аласыз, бирок сиздин Россияда болууңуздун жалпы убактысы 90 күндөн ашпоосу керек.***

**!** Россия Федерациясына иштегени келген чет жердик жаран миграциялык картага келүү максаты – «иштөө» деп сөзсүз түрдө белгилеши керек. Келүү максатын минтип белгилебесе, Россияда расмий түрдө ишке орношо албайт!

## СИЗГЕ РОССИЯГА КИРҮҮГӨ ТЫЮУ САЛЫНГАН ЖОКПУ ТЕКШЕРИП АЛУУҢУЗ КЕРЕК

2013 жылдын 1-январынан баштап, Россия Федерациясында болуунун мыйзамдуу мөөнөтүн 30 күндөн ашырып жиберген адамдарга автоматтык түрдө кирүүгө тыюу салынат. Эгер Сиз мурда жумушка орношууну жол-жоболоо процессинде ортомчулардын кызмат көрсөтүүлөрүнөн колдонгон болсоңуз, Сизге жасалма документтерди берип коюшу толук мүмкүн, жана Сиз тыюу салууга кабылып калышыңыз мүмкүн, ошондуктан Сизге Россияга кирүүгө тыюу салынган эмеспи сөзсүз текшериңиз.

Сизге кирүүгө тыюу салынганбы, же жокпу россиялык авиакомпанияларынын өкүлчүлүктөрүнөн, же болбосо Россиянын федералдык миграциялык кызматынын сайтындагы атайын формадан колдонуп билүүгө болот:
**http://services.fms.gov.ru/info-service.htm?sid=3000**

## - ОРУС ТИЛИН БИЛҮҮ

Орусча сүйлөй алуу мамлекеттик кызматкерлер, полиция кызматкерлери, жумуш берүүчүлөр жана жергиликтүү жашоочулар менен пикир алышууда абдан маанилүү. Бул Сиздин Россиянын аймагында болууңузду кыйла жеңилдетет жана ылайыктуу жумуш табууга жардам берет.

## МЕДИЦИНАЛЫК ЖАКТАН КАМСЫЗДАНДЫРУУ ПОЛИСИН ТОЛТУРУУ

Чет жердик жарандар Россияга кирип жатып, мөөнөтү өз өлкөсүнөн чыккан күндөн баштап, 3 айдан аз эмес мезгилге чейин таасирлүү камсыздандыруу полисине ээ болуулары керек.

Полисти Кыргызстанда аэропорттон же автобекеттен алса болот. Россияда болсо аны ар бир камсыздандыруу уюмдарынан, ири аэропорттордон, автобекеттерден, ошондой эле Россиянын почта бөлүмдөрүнөн алса болот. Полисте медициналык жардам көрсөтүүнүн шарттары жана Россиянын аймагындагы камсыздандыруу компанияларынын байланыш телефондору жазылышы керек.

## СИЗГЕ ЖАРДАМ БЕРЕ АЛА ТУРГАН УЮМДАРДЫН БАЙЛАНЫШУУ ДАРЕКТЕРИН БИЛҮҮ

Маселе жаралган учурда, же Сиздин укуктарыңыз бузулуп жатса, Сиз жөнөп жаткан аймакта кимге кайрылуу керек экендигин билип алуу зарыл. Бул **РФнын мамлекеттик органдары, РФдагы Кыргызстандын бийлик өкүлдөрү (мисалы, консулдук мекемелер же миграция кызматынын өкүлдөрү), бейөкмөт уюмдары** болушу мүмкүн. Бул уюмдардын даректерин жана телефондорун Сиз «Пайдалуу даректер жана телефондор» бөлүмүнөн таба аласыз.

**САК БОЛГУЛА!** Өздөрүнүн жардамын сунуштаган мекендештериңиздердин арасында жеке кызыкчылыктарын көздөгөн ниети таза эмес, же россиянын мыйзамдарын билбеген адамдар болушу мүмкүн. Аларга кайрылуу оор зыяндарга алып келиши мүмкүн!

## - РФда СИЗДИ КАБЫЛ АЛГАН ТАРАП КИМ ЭКЕНДИГИН БИЛИП АЛУУ

Сиз **Россия Федерациясындагы токтогон жериңиз боюнча миграциялык каттоодон өтүшүңүз керек (жашап турган же иштеген иши боюнча).** Баарынан жакшысы, Сизди өз дареги боюнча **расмий түрдө** каттай турган кабыл алуучу тарапты алдын ала аныктап алып барсаңыз болот.

Каттоодон Сиз жашап, иштей турган аймактан өтүү зарыл. Жасалма каттоо үчүн айып пул төлөө жана Россия Федерациясына 5 жылга чейин кирүүгө тыюу салып, чыгарып салуу жазасы каралган (РФнын административдик укук бузуулар жөнүндө кодексинин 18.8 бер. 1-бб.).

## ЖАҢЫДАН БАРГАН УБАКЫТ ҮЧҮН АКЧА АЛЫП АЛУУ

Мындай сактык документтерди жол-жоболоо, турак-жайды ижарага алуу, тамак-аш жана транспорт үчүн керек. Россия Федерациясынын ар башка аймактарында жашоо деңгээли жана баалар ар түрдүү: ири шаарларда баардык нерсе жетишерлик деңгээлде кымбат. Булар тууралуу кенен билип алыңыз жана чыгымдардын, анын ичинде пландаштырылбаган сарптоолордун болушуна даяр болуңуз.

## МИГРАЦИЯЛЫК КАРТАНЫ ТОЛТУРУУ ЖАНА ЧЕК АРАДАН ӨТҮҮ

РФнын чек арасынан өтүү эрежелери боюнча мыйзамдар жана чет жердик жарандардын укуктук абалы:

**«Чет жердик жарандарды жана Россия Федерациясындагы жарандыгы жок адамдарды миграциялык каттоого алуу жөнүндө» (Федералдык мыйзам, 18.06.2006, N 109-ФМ)**

**«Россия Федерациясына кирүү жана Россия Федерациясынан чыгуу эрежелери жөнүндө» (Федералдык мыйзам, 15.08.1996 N 114-ФМ)**

**«Россия Федерациясындагы Чет жердик жарандардын укуктук абалдары жөнүндө» (Федералдык мыйзам 25.07.2002 N 115-ФМ)**

**Россия Федерациясынын Административдик укук бузуулар жөнүндө кодекси ( РФ АУК)**

Эвразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн (Армения, Белоруссия, Казакстан, Кыргызстан) жарандары РФнын чек арасынан ички паспорт менен өтүүгө укуктуу.

## МИГРАЦИЯЛЫК КАРТА

РФна кирүүдө чет жердик жарандарга милдеттүү түрдө АКЫСЫЗ миграциялык карта берилет. Миграциялык картаны толтуруп, аны чек араны көзөмөлдөө кызматкерлерине көрсөтүү зарыл.

Миграциялык карта мигранттардын өздөрү тарабынан орус тилинде колго жазма, же чек арачылардын өздөрү тарабынан – басма түрүндө толтурулат. Сиздин паспортуңуздагы жеке маалыматтарга ылайык, латын тамгалары менен дагы толтурса болот. Миграциялык карта эки бөлүктөн турат, эки бөлүгүн тең толтуруу зарыл: «А» бөлүгү чек араны көзөмөлдөө кызматына берилсе, «Б» бөлүгү Сизде калат.

Миграциялык картаны абдан кылдат, катасыз жана оңдоп түзөөлөрсүз толтуруу зарыл. Россияга чыгуу максатын туура көрсөтүү жана миграциялык картадагы «жумуш» деген сөздүн астын сызып коюу абдан маанилүү – болбосо Сиз расмий түрдө жумушка орношо албай каласыз.

Эгер Сиз РФна чет жердик паспорт менен 30 күндөн азыраак мөөнөткө жумушка орношуу максатында эмес бара жатсаңыз миграциялык картаны толтуруу милдеттүү түрдө эмес.

**Чек арадан өтүү жана кирүү штампы:**

Россияга кирүү фактысы атайын кирүү штампын басуу менен бекемделет, аны чек араны көзөмөлдөө кызматкерлери Сиздин чет жердик паспортуңузга жана миграциялык картаңызга коюшат. Сиздин бул документиңиздин экөөнө тең штамп коюштубу текшериңиз

(Эгер Сиз Россияга ички паспорт менен кирип жатсаңыз, штамп бир гана миграциялык картага коюлат). Штампта чек арадан өтүү күнү так көрүнүп турушу керек, болбосо Сизге мыйзамсыз кирди деген күнөө коёт.

Миграциялык карта – маанилүү документ! Аны РФда жүргөн мезгилде паспорт менен чогуу сактоо зарыл.

**Миграциялык картаны жоготуу**

Эгер Сиз **миграциялык картаны жоготсоңуз, тезинен** (3 иш күнүнүн ичинде) **паспортуңузду** жана **кирүүчү билетиңизди** жаныңызга алып РФнын ИИМнин Ички миграция боюнча шаардык башкармалыгынын жакынкы бөлүмүнө кайрылсаңыз болот. Бул документтерди текшергенден кийин Сизге миграциялык картанын көчүрмөсүн АКЫСЫЗ ТҮРДӨ берүүгө милдеттүү.

Санкт-Петербургда жана Ленинград облусунда миграциялык картаны Санкт-Петербург шаары жана Ленинград облусу боюнча ИИМдин Миграция маселелери боюнча эмгек миграциясы бөлүмүнөн калыбына келтире аласыз. Дареги: «Александр Невскийдин аянты». Кызыл Текстильщик көч., 15-үй, тел: (812) 777-10-00, 273-22-46.

## КИРҮҮ БИЛЕТИ

Сиз РФна кирген билетти же конуу талонун мүмкүн болушунча жоготпой сактап жүрүңүз –миграциялык картаны жоготуп алган учурда анын Сизге чоң жардамы тиет, ал Сиз мыйзамдуу түрдө киргендигиңизди далилдеп бере алат.

*Россияга Федерациясына киргенден кийин төмөнкүлөрдүн көчүрмөсүн жасап коюңуз:*

*- Өзүңүздүн паспортуңуздун – жеке маалыматтар жазылган жана кирүү штампы басылган беттерин;*

*- Миграциялык картанын;*

*Бул көчүрмөлөрдүн Сизге кереги тийип калышы мүмкүн.*

## ЭСКЕРТҮҮ

**Жасалма миграциялык карталар**

Муну билүү өтө маанилүү – миграциялык карта бир гана чек арада мыйзамдуу түрдө толтурулат.

Миграциялык картаны эч качан колдон албаңыз.

ИИМдин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгы документтерди текшерүүдө анын жасалма экендигин жеңил эле аныктап коюшат.

Жасалма миграциялык картаны көрсөтүүдө административдик айып пул (7миң рублга чейин) жана Россия Федерациясынан чыгарып салуу менен 5 жылга чейин киргизбөө жазасы колдонулат (РФнын АУб Книн 1-з-пункттарынын 19.17-беренелери).
Жасалма документтерди колдонгон учурда кылмыш жоопкерчилиги дагы күтөт (РФнын ККнин 3-бөл. 327-бер.).

## МИГРАЦИЯЛЫК КАТТООГО ТУРУУ (КАТТАЛУУ)

Россияга келгенден кийин Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн ар бир жараны 30 күн аралыгында жашап турган жерине ылайык миграциялык каттоого турууга (катталууга) милдеттүү.

Миграциялык каттоого туруу үчүн паспорттун жана миграциялык картанын көчүрмөсү керек. Миграциялык каттоого турууга кабыл алган тарап жардам берет.
Кабыл алган тарап – чет жердик жаранды өз дареги боюнча каттоого алуучу адам же уюм.

Кабыл алган тарап төмөнкүлөрдү ишке ашырат:

• Сиз иштөөнү камданып жаткан аймакта туруктуу катталган Россия Федерациясынын жараны;
• Россия Федерациясынын аймагында туруктуу жашаган чет жердик жаран;
• Юридикалык тарап: уюм-жумуш берүүчү, мейманкана, мамлекеттик эмес уюм.

Каттоодон (миграциялык каттоого туруу) милдеттүү түрдө жашай турган турак-жайдан, же болбосо жумуш берүүчүнүн дареги боюнча – Сиздин жумуш ордуңуз боюнча же анын ээси болуп эсептелген юридикалык тараптын дареги боюнча өтүү керек.

**Сизге төмөнкү документтер керектелет:**

Кабыл алуучу тараптан талап кылынуучу документтердин тизмеси (жеке тарап):
- РФнын аймагында туруктуу жашаган Россия Федерациясынын жаранынын же чет жердик жарандын паспорту.
- РФнын аймагында туруктуу жашаган Россия Федерациясынын жаранынын же чет жердик жарандын паспортунун көчүрмөсү.
- Турак-жайга карата менчик укугун каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.

Кабыл алган уюмдун документтеринин тизмеси:
- Юридикалык тараптын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү.
- ИННдин көчүрмөсү.
- Мамлекеттик статистика федералдык кызматынын аймактык органы берген кабарламанын көчүрмөсү.

- Жазуулардын ЕГРЮЛ киргизилгендиги жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.
- Жетекчинин жумушка алгандыгы жөнүндө буйругунун көчүрмөсү.
- Жетекчинин паспортунун көчүрмөсү.
- Чет жердик жаран менен түзүлгөн эмгек келишиминин көчүрмөсү.
- Уюм тууралуу маалыматтар (дареги, телефону).
- Ижарага алуу келишиминин көчүрмөсү же имаратка менчик катары ээ болуу укугу жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү.
- ЕГРЮЛдун көчүрмөсүнүн түп нускасы (эки айдан мурун эмес жасалган).

**Бардык документтерге уюмдун жетекчисинин кол тамгасы коюлуп, мөөр басылат.**

Эмгек мигрантынын документтеринин тизмеси:
- Паспорт
- Паспортунун көчүрмөсү (биринчи бети жана чек арадан өткөндүгү жөнүндө белги коюлган бети).
- Миграциялык карта.
- Миграциялык картанын көчүрмөсү
- Медициналык полис
- Медициналык полистин көчүрмөсү

Миграциялык каттоого кантип туруу керек:

Чет жердик жарандын учурда жашап турган жерге келгендиги жөнүндө атайын кабарлама-бланкты **толтуруу**.

Кабарлама-бланк ИИМдин Миграция маселелери боюча башкы башкармалыгынын бөлүмдөрүндө, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылуучу көп функционалдуу борборлордо (КФБ) же «Россия почталарынын» бөлүмдөрүндө акысыз түрдө берилет. Ал эки бөлүктөн турат. Толтурулгандан кийин биринчи бөлүгү РФнын ИИМдин Миграция маселелери боюча башкы башкармалыгынын бөлүмдөрүндө берилет, экинчи бөлүгү чет жердик жарандын өзүндө калат. Эки бөлүгүндө тең милдеттүү түрдө учурда токтоп жашап турган дареги, кабыл алган тараптын жеке көрсөткүчтөрү жана чет жердик жарандын жеке көрсөткүчтөрү белгиленет. Кабыл алган тарап-жаран бланкка өз кол тамгасын коет, ал эми кабыл алган уюм – мөөрдү жана жетекчинин кол тамгасын коет.

Кабарлама бланкын чет жердик жарандын паспортунун көчүрмөсү, РФнын жаранынын паспортунун көчүрмөсү (кабыл алган тарап) жана миграциялык картанын көчүрмөсүн менен чогуу «Россия почтасы» аркылуу ИИМдин Миграция маселелери боюча башкы башкармалыгынын бөлүмдөрүнө **жөнөтүү** зарыл (Кабарламаны түздөн-түз алган тарап). Миграциялык картанын көчүрмөсүн «Россия почтасы» аркылуу бланк ИИМдин Миграция маселелери боюча башкы башкармалыгынын бөлүмдөрүнө берүү АКЫСЫЗ. Миграциялык каттоого турууда КФБнөн кабарлама Миграциялык кызматка көп функционалдык борбордун кызматкерлери тарабынан Сиздин катышууңузсуз эле жөнөтүлөт.

Сиз ИИМдин Миграция маселелери боюча башкы башкармалынынын бөлүмдөрүнүн, КФБдун же «Россия почталарынын» кызматкерлеринин кабыл алгандыгы жөнүндө белги коюлган кабарлама бланктын айрылган бөлүгүн **сөзсүз алууңуз керек.**

Сиз иштейин деп жаткан аймактагы КФБдун байланыш даректерин +7 (812) 573 90 00 телефондору аркылуу биле аласыз.

Сиз Санкт-Петербургдагы көп функционалдык борборлордун тизмесин **https://gu.spb.ru/mfc/** дареги аркылуу таба аласыз.

Бул документ чек арадан өткөн күндөн баштап 90 күндөн көп эмес мөөнөткө берилет, **бирок жумушка орношуу укугун бербейт.**

**Мыйзамдуу иштөө үчүн жумушка орношуу патентин жол-жоболоо керек. Патентти алгандан кийин чет жердик жаран РФдагы өз каттоосун у**зартышы керек, бирок кирген күндөн баштап 1 жылдан ашык эмес убакытка узартат. Каттоону улантуу үчүн Сиз жашап жаткан райондогу бланк ИИМдин Миграция маселелери боюча башкы башкармалыгынын бөлүмдөрүнө кайрылуу зарыл жана миграциялык картаны, миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндө кабарламаны жана жумушка орношкондугу жөнүндө эмгек келишимин көрсөтүү зарыл.

Эмгек же жарандык-укуктук келишимдин мөөнөтү бүткөнгө чейин эмгектенген мигранттын өзү жана анын үй-бүлө мүчөлөрү каалаган мөөнөткө чейин Россиядан чыгып, кайрадан РФнын аймагына кирүүгө укуктуу, бирок ар бир кирген сайын миграциялык каттоого туруу процедурасы кайталанып турат.

Санкт-Петербургга кирүү жана жашоо эрежесин бузган чет жердик жаранга **5 миңден 7 миң рублга чейин акчалай айып пул төлөө менен Россиядан чыгарып салуу жана 5 жылга чейин кирүүгө тыюу салуу жазасы каралган** (РФ КоАП 19.27-бер. 18.8 –бер. ылайык).

Миграциялык каттоого тургандыгыңыз жөнүндө кабарламанын көчүрмөсүн жасаңыз – бул Сиз документтериңизди жоготуп же бузуп алган учурда ИИМдин Миграция маселелери боюча башкы башкармалыгынын бөлүмдөрүнөн аларды кайрадан кабылына келтирүүгө жардам берет.

## ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БИРИМДИККЕ КИРГЕН ӨЛКӨЛӨРДҮН ЖАРАНДАРЫ ҮЧҮН МААНИЛҮҮ МААЛЫМАТ

2015-жылдын 1-январында Евразиялык Экономикалык Биримдик (ЭБЭА) түзүлгөн. 2016-жылдын башына карата ага 5 өлкө кирди: Армения, Белорусия, Казахстан, Кыргызстан жана Россия Федерациясы. Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн аймагында эркин эмгек рыногу киргизилген, Биримдикке кирген өлкөлөрдүн эмгектенген жарандарына жана алардын үй-бүлөлөрүнө ЭБЭАнын аймагында эркин жылып жүрүү жана алардын социалдык-экономикалык укуктарын коргоо кепилдиги берилген.

Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн (Армения, Белорусия, Казахстан, Кыргызстан) жарандары Россиянын аймагында кошумча уруксат документтерисиз эле жумушка орношууга укуктуу. Эмгек, же жарандык-укуктук келишим РФнын аймагында убактылуу жашоо мөөнөтүн узартуу үчүн негиз болуп эсептелет. Жумушчулар Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандарын улуттук эмгек рыногун коргоо боюнча чектөөлөрдү эске албастан жумушка алат (Эвразиялык Экономикалык Биримдик жөнүндө келишимдин 97-беренесинин негизинде).

**РФда Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандарынын укуктук абалы төмөнкү мыйзамдар менен жөнгө салынат:**

- 2014-жылдын 29-майындагы Биримдик жөнүндө Эмгек Миграциясы келишиминин XXVI-бөлүмүнүн 96-98-беренелери.
- мүчө мамлекеттердин эмгек мигранттарына жана алардын үй-бүлөлөрүнө жардам көрсөтүү жөнүндө протокол тарабынан (Биримдик жөнүндө келишимдин №30 тиркемеси).

**Маанилүү кеңештер:**
1.РФна кирүү үчүн Сиздин мөөнөтү эскирбеген паспортуңуз болушу керек.

Россия Федерациясынын мамлекеттик чек арасынын өткөрүү пунктунда өтүп жатканда толтурулган миграциялык картаны көрсөтүү зарыл, ага «келүү максаты» - «жумуш» деп жазып коюу керек. Бул эреже Россия Федерациясында иштөөнү каалаган ар бир жаранга тиешелүү.

**Эвразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандарынын үй-бүлө мүчөлөрүн миграциялык каттоого алууну улантуу:**

РФнын Үй-бүлө кодексине ылайык, Эвразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн эмгектенген-жаранынын үй-бүлө мүчөлөрү болуп: аялы же күйөөсү, ата-энелер жана балдар эсептелет.

Миграциялык каттоого алуу Сиздин жашап жаткан жер боюнча ИИМдин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын аймактык бөлүмдөрүндө улантылат.

Мигранттардын үй-бүлө мүчөлөрүн миграциялык каттоо мөөнөтүн узартуу үчүн – ЭКЭАнын жараны жашы жете элек балдарын кошуп, жашаган жери боюнча РФнын ИИМдин Миграция маселелери боюнча шаардык башкармалыгынын аймактык органына төмөнкү документтерди тапшыруусу зарыл:

-мигранттардын- Эвразиялык Экономикалык Биримдиктин жаранынын жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өздүгүн аныктаган документ (чет жердик паспорт же болбосо туулгандыгы жөнүндө күбөлүк);

- мигранттардын - Эвразиялык Экономикалык Биримдиктин жаранынын жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн РФнын чек арасынан өткөндүгү жөнүндө белги коюлган миграциялык картанын түп нускасы жана көчүрмөсү;
- мигранттардын- Эвразиялык Экономикалык Биримдиктин жаранынын РФнын чек арасынан өткөндүгү жөнүндө белги коюлган миграциялык картанын түп нускасы жана көчүрмөсү;
- миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндө кабарламанын түп нускасы жана көчүрмөсү;
- мигранттардын - Эвразиялык Экономикалык Биримдиктин жаранынын жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн статусун тастыктаган документтин (никелешкендиги жөнүндө күбөлүк, ата-энеси көрсөтүлгөн туулгандыгы жөнүндө күбөлүк) түп нускасы жана көчүрмөсү;

мигранттардын - Эвразиялык Экономикалык Биримдиктин жаранынын эмгек же болбосо жарандык-укуктук келишими жана анын көчүрмөсү;

**1.** Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдөн келип эмгектенген жарандын үй-бүлө мүчөлөрүн миграциялык каттоого алуу эмгектенип жаткан мигранттын эмгек же жарандык-укуктук келишиминин мөөнөтүнө ылайык **ар жыл сайын** узартылып турат.

**2. Жумушка кирүүдө орус** тили, тарых жана укук таануу боюнча экзамен берип **кереги жок;** патент жана жумушка орношуу үчүн атайын уруксат берүүчү документтерди чогултуу **талап кылынбайт**; Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдөгү билим берүү мекемелеринен берилген билими жөнүндө документтер таануу процедурасын өткөрүүнү талап кылбастан автоматтык түрдө таанылат.

<u>Бир гана окутуучулук, юридикалык, медициналык же фармацевдик ишмердүүлүк боюнча иштеген адистерден – билими жөнүндө документтерди таануу процедураларынан өтүү талап кылынат (дипломдорду нострификациялоо)</u>.

**3. Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдөн келип эмгектенген жарандын эмгек тажрыйбасы жалпы эмгек тажрыйбасына кошулуп эсептелет.** Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандары эмгек келишимин жол-жоболоодо өз алдынча жеке эсебинин камсыздандыруу номурун алат. Өз алдынча жеке эсебинин камсыздандыруу номурун жашаган жериңиз боюнча РФнын Пенсиялык фондунун бөлүмдөрүнө кайрылып толтурсаңыз болот. Пенсиялык фондго өздүгүн тастыктаган күбөлүктү, убактылуу жашоо үчүн уруксат берген документти, миграциялык картаны көрсөтүү зарыл (паспорт же аны алмаштыруучу документ).

**4. Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандары** өздөрүнүн жанында медициналык камсыздандыруу полиси бар же жок экендигине карабай, РФнын жарандары сыяктуу эле акысыз түрдө медициналык жана кечиктирилгис тез

жардамдан колдонуу укугуна ээ.

***РФна кирген жана убактылуу жашап жаткан ар бир чет жердик жарандын (эмгек-мигранттарынын үй-бүлө мүчөлөрүн кошкондо) ыктыярдуу түрдө медициналык жактан камсыздандыруу полиси бар болушу керек: Ыктыярдуу түрдө медициналык жактан камсыздандыруу полисинин (ЫМК) жок болушу административдик жоопкерчиликке тартуунун, ал тургай РФнан чыгарып салуунун себеби болушу мүмкүн. Ишке орношууда жумуш берүүчү Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрүнүн эмгектенген жарандарынан ЫМК полисинин көрсөткүчтөрүн талап кылып жана аларды эмгек келишимине тиркеши керек.***

Ыктыярдуу түрдө медициналык жактан камсыздандыруу полисин Сиз иштөө үчүн токтогон аймактын ичиндеги ар бир камсыздандыруу уюмдарынан алсаңыз болот. ЫМКны жол-жоболоо үчүн паспорт жана өз алдынча жеке эсебинин камсыздандыруу номуру зарыл (көрсөтүү керек).

РФдагы чет жердик жарандар үчүн пландаштырылган медициналык жардам жана амбулатордук дарылоо ЫМК кызмат көрсөтүүлөр топтомунун эсебинен акы төлөөнүн, же болбосо медициналык мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрү боюнча көрсөтүлгөн баасынын негизинде жүргүзүлөт.

**РФдагы чет жердик жарандар үчүн пландаштырылган медициналык жардам жана амбулатордук дарылоо ЫМК кызмат көрсөтүүлөр топтомунун эсебинен акы төлөөнүн, же болбосо медициналык мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрү боюнча көрсөтүлгөн баасынын негизинде жүргүзүлөт.**

**5. Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандары социалдык жактан камсыздандыруу укугуна ээ** (пенсиялык жана медициналык камсыздандыруудан башка), анын ичинде Россия Федерациясындагы социалдык жактан камсыздандыруу Россиянын жарандары сыяктуу эле шарттарда ишке ашырылат.

**Кепилдикке алынган социалдык топтомго төмөнкүлөр кирет:**

• ооругандыгы боюнча кепилдикке алуу
(ооругандыгы жөнүндө баракчалар боюнча төлөмдөр);
• эне болгондугуна\баланын төрөлгөндүгүнө байланыштуу камсыздандыруу (декреттик, балдар үчүн төлөмдөр);
• жагымсыз окуялардан жана адистигине байланыштуу окуялардан камсыздандыруу;
• жумушчу, же болбосо анын жашы жете элек үй-бүлө мүчөлөрүн каза болуп калган учурда камсыздандыруу.

**6.** Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн эмгектенген жарандарынын Россиянын аймагында чогуу жашаган балдары РФнын мыйзамдарына ылайык, мектепке чейинки мекемелерге барууга, баштапкы, орто, атайын орто жана жогорку билимдерге ээ болууга укуктуу.

***Чет жердик жарандардын балдарын мектепке чейинки жана орто билим берүү мекемелерине киргизүү алардын РФдагы жашаган жери боюнча жүргүзүлөт – кабыл алуудагы бир гана баш тартуу бул билим берүүчү жайларда орундардын жоктугу болуп эсептелет. Баланы катталган жерге жакын мектепке кабыл алуудан баш тарткан учурда, Сиз Элдик билим берүүнүн райондук бөлүмүнө кайрылсаңыз болот (РОНО), ал жерден Сизге башка варианттарды сунушташат.***

**7.** Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн эмгектенген жарандарынын кирешелеринен салык төлөтүү – кирешени таап баштаган биринчи күндөн баштап, РФнын жарандары сыяктуу эле салык ченемдери менен жүргүзүлөт.

***РФда жеке адамдын кирешелерине салык төлөө (ЖАКС) 13% түзөт, салык төлөөнү жумуш берүүчү ишке ашырат (Салык айлык маянасынын көлөмүнөн эмгек келишиминде көрсөтүлгөндөй эсептелип алынат). ЖАКСтан сырткары, жумуш берүүчү социалдык жактан камсыздандыруу фондуна, РФнын Пенсиялык Фондуна, медициналык жактан милдеттүү түрдө камсыздандыруу фондуна төгүмдөрдү жүргүзүп турат (бул төлөмдөр айлыктан алынбайт).***

Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн Россияда эмгектенген жарандары төмөнкү укуктарга ээ:

**- РФнын жарандары менен бирдей деңгээлде профессионалдык биримдиктерге кирүүгө;**
**- РФнын мамлекеттик бийлик органдарынан жана жумуш берүүчүдөн РФда болуу эрежелери, ишке орношуу жана эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү шарттары жөнүндө маалыматтарды алууга;**
**- Талап кылган жерге көрсөтүү үчүн – жумуш берүүчүдөн адистиги, иштөө мөөнөтү жана эмгек маянасынын өлчөмү көрсөтүлгөн тастыктаманы жана күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн алууга;**

Эмгек келишими жокко чыгарылган учурда Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн эмгектенген жараны РФнан чыгып кетпей туруп, 15 күндүн аралыгында РФда жаңы эмгек келишимин түзүүгө, же кызмат көрсөтүү, болбосо катар келишим түзүүгө укуктуу.

## РОССИЯДА ЖУМУШКА ОРНОШУУ: КАНТИП ЖУМУШКА ТУУРА ОРНОШУУ КЕРЕК?

### РФда чет жердик жарандарды жумушка орноштурууну жөнгө сала турган мыйзамдар жана макулдашуулар:

**• «Россия Федерациясындагы чет жердик жарандардын укук-тук абалы жөнүндө» (Федералдык мыйзам 25.07.2002 N 115-ФЗ).**
**• Россия Федерациясынын административдик укук бузуулар жөнүндө кодекси (РФ АУБжК).**
**• Евразияялык Экономикалык Биримдик жөнүндө келишим ( 29.05.2014 – Астана шаарында кол коюлган).**
**• Россия Федерациясынын Эмгек Кодекси.**
**• Россия Федерациясынын Жарандык Кодекси.**

*Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандары (Армения, Белоруссия, Казахстан, Кыргызстан) Россиянын аймагында кошумча уруксат берүү документтерин албастан эле жумушка орношууга укуктуу. Эмгек жана жарандык-укуктук келишим РФнын аймагында убактылуу жашоо мөөнөтүн узартуу үчүн негиз болуп эсептелет. Жумуш берүүчүлөр Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандарын эмгек рыногун коргоо боюнча чектөөлөрдү эске алуусуз эле жумушка алышат (ЕЭБ жөнүндө келишимдин 97-беренеси).*

**Эскертүү: Россияга жумушка орношууга жана патент алууга 18 жаш-курагына чыккандан кийин гана уруксат берилет!**

*РФда патентти жол-жоболоодо акы төлөөнүн негизинде өз жардамын сунуштаган көптөгөн ортомчулар (уюмдар жана өз алдынча жарандар) бар. Абдан сак болуңуз, өзүңүздү алданып калуудан сактаңыз:*

- **«жеке адамдардын» жардамына чуркап барбаңыз** - жердештердин, бригадирлердин, ортомчулардын, ал тургай сиз менен жеке тааныш адамдардын: дал мына ушулар дайыма жасалма документтерди сунушташат;

- эгерде документтерди жол-жоболоп берүү үчүн фирмаларга кайрылган болсоңуз, **сөзсүз түрдө кызмат көрсөтүү келишимин түзүңүз.** Ал келишимдерди абдан кылдат окуп чыгыңыз – аларда сөзсүз түрдө кызмат көрсөтүүнүн аталышы, кызмат көрсөтүүнүн баасы, фирма өз мойнуна алган милдеттерин аткарбаган учурдагы тарта турган жоопкерчилиги, уюмдун мөөрү басылып, менеджердин кол тамгасы көрсөтүлүшү керек;

- **колуңузга документти алгандан соң дароо эле аны алгандыгыңыз жөнүндө эч бир актыга кол койбоңуз.** Сак болуңуз-мындай акттар негизги келишимдин текстине жазылышы керек;

**-** ортомчулук кызматы үчүн акы төлөп жатып, ортомчу-уюмдун Сиздин акчаны алгандыгын тастыктап туруучу **чекти сөзсүз түрдө талап кылыңыз.** Чектерде сумма туура көрсөтүлгөнбү байкоо салыңыз.

## Санкт-Петербургда бош жумуш орундарын издөө жана жумушка орношуу.

РФда мыйзамсыз иштөө – олуттуу мыйзам бузуу. Өзүңүздүн укуктарыңызды жана милдеттериңизди билүү, өзүңүздү ашыкча коркунучтардан сактоо абдан маанилүү.

Жумуш издөөдө Сизге жалпы россиялык бош жумуш орундарынын расмий топтому менен таанышууга кеңеш беребиз:
**www.trudvsem.ru** – Россиядагы жумуштар: РФнын Эмгек министрлигинин жалпы россиялык бош жумуш орундарынын топтому

Кыргызстандын жарандарын чет жерде жумушка орноштууга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы миграция боюнча мамлекеттик кызматтын алдындагы Маалымат жана кеңеш берүү борбору дагы жардам берет

Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,
Токтогул көчөсү 237/ Жаш Гвардия,
Тел: +996 (312) 64-17-64
Эл.дареги: oec.2014.kg@gmail.com, сайт: **www.oec.kg**

Сизге жумушка орношууда жардамы тие турган жөнөкөй кеңештер:

- **мыйзамдуу иштеңиз:** Сиздин жумуш берүүчү менен макулдашууңуз сөзсүз түрдө эмгек келишими менен бекемделиши керек, анын бир көчүрмөсүн Сиз ишке орношкондон кийинки 3 күн аралыгында жумуш берүүчү ИИМдин Миграция маселелери боюнча шаардык башкармалыгына жөнөтүшү керек;

- **өз жумуш берүүчүңүздү жакшылап таанып алыңыз: Сиз СӨЗСҮЗ ТҮРДӨ** өзүңүз иштеп жаткан фирманын аталышы жана дарегин, Сизге түздөн-түз жетекчи боло турган адамдын байланышуу даректерин (фамилиясын, атын жана телефонун) билишиңиз керек; эгер Сизге өз укуктарыңызды билүү жана айлык маянасын өз убагында төлөтүп алуу зарыл болсо, бул маалымат Сиз үчүн пайдалуу болуп саналат;

**- ортомчуларга кайрылбаңыз:** сак болуңуз – ортомчулар Сизди акысыз жумушчу күчү катары колдонушу мүмкүн;

2016-жылдын 1-январынан баштап Россияда жалданма эмгекке (жумуш берүүчүнүн өзүнүн кол алдындагы жумушчуларын башка уюмдарга эмгек келишимин түзбөстөн жиберүүсү) тыюу салынды. Бир гана жеке ишке орноштуруу агенттиги катары каттоодон өткөн фирмалар гана өз жумушчуларын башка уюмдарга же жеке тараптарга сунуштоого акысы бар, бирок алар төмөнкү эрежелерди сактоого милдеттүү:

*- эмгек келишиминде чет жердик жумушчу үчүнчү тараптын дагы жумушун аткаруу мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрсөтүү;*
*- жумушчу менен аны үчүнчү тараптын жумушун аткарууга жиберүү жөнүндө кошумча келишим түзүү;*
*- эгер Сиз ишке орноштуруу боюнча жеке агенттикке кайрылган болсоңуз – мындай шарттар Сиздин эмгек келишимиңизде көрсөтүлгөнбү сөзсүз түрдө текшериңиз.*

- **жумуш берүүчү менен келишим түзүңүз:** жарандык-укуктук же эмгек келишимин түзүү Сизге өз укугуңузду коргоого, социалдык кепилдиктерди алууга, өз милдеттериңизди так билүүгө жана зарылчылык пайда болгон учурда Сиз каякта, качан жана кимде иштегендигиңизди далилдөөгө жардам берет. Жумуш берүүчү Сиз менен келишим түзүүгө жана ал келишимдин көчүрмөсүн Сизге берүүгө МИЛДЕТТҮҮ.

- **айлык маянасынын көлөмүн жана төлөө шарттарын так макулдашып алыңыз:**

Сиз сизге канча жана кайсы милдеттер үчүн төлөнүүшү керек экендигин так билишиңиз керек. Акчаны Сиз өзүңүздүн наамыңызга ачылган атайын банктык картага же болбосо бухгалтерияга өз колуңузду коюп алышыңыз керек. Сизге канча акча төлөп жаткандыгын билүү үчүн Сиз бугалтериядан эсептөө баракчасын алууга укугуңуз бар. Ар бир акча мамилелери документтештирилиши керек. Эгер Сизге акча карыз болсо – жумушчудан Сиз өзүңүзгө сактап жүргөн тил катты талап кылыңыз.

- **кол коюп жаткан кагаздын баардыгын кунт коюп окуңуз, Сизге көчүрмөсүн берүүнү талап кылыңыз:** эгер Сизге бир нерсеге кол коюңузду талап кылып жатышса – келишим, табель, тил кат ж.б. – Сиз кол тамгаңызды коюп жаткан нерсе менен макул болушуңуз керек. Эгер кагаз жалгыз гана Сизге тиешелүү болсо – Сизге көчүрмөсүн берүүсүн талап кылыңыз. Сиз мазмуну менен шарттарына макул эмес болсоңуз, келишимдерге, тастыктамаларга жана башка документтерге кол койбогонго укугуңуз бар;

- **жумуш берүүчүлөргө өз документтериңизди бербеңиз:** Сиздин өзүңүздөн башка эч ким Сиздин паспортуңузду, жумушка уруксат кагазыңызды, камсыздандыруу кепилдигин, эмгек келишиминин көчүрмөсүн жана башка документтерди өзүңүздөн башка эч ким сактай албайт, ошондой эле Сиздин эркин жүрүм-турумуңузду эч кимдин чектөөгө, телефонуңузду тартып алууга акысы жок. Паспортту тартып алуу жана эркиндикке чек коюу – олуттуу кылмыш; мындай учурда полицияга кайрылуу керек!

**- өзүңүздүн укугуңузду жана жумуш берүүчүнүн милдеттерин билиңиз:**

Фирмага, өндүрүшкө же уюмга туруктуу жумушка алып жатканда жумуш берүүчү Сиз менен эмгек келишимин түзүүгө, Сизге эмгек китепчесин ачууга милдеттүү. Эмгек келишиминин көчүрмөсү

Сиздин колуңузда болушу керек, айлык маянаңызды өз убагында алып, эмгек өргүүсүн алуу, дем алуу жана ооругандыгы жөнүндө баракчаны өз убагында алып турушуңуз керек;

**- жардам сурап кайрылып туруңуз:** Сиздин укуктарыңызды коргоого жана жумуш берүүчүнү жоопко тартууда Сизге полиция, Прокуратура, Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл, Эмгек боюнча мамлекеттик инспекция, ИИМ ММББ, сот сизге жардамга келет. Сиз, ошондой эле мамлекеттик эмес жана укук коргоо уюмдарына кайрыла аласыз. Сиз жашаган аймактагы бардык мындай уюмдардын байланышуу түйүндөрүн таап алыңыз жана сактап коюңуз! Зарыл болгон байланышуу түйүндөрүн «Пайдалуу даректер жана телефондор» бөлүмүнөн таба аласыз.

***Евразиялык Экономикалык Биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандары (Армения, Белоруссия, Казахстан, Кыргызстан) Россиянын аймагында кошумча уруксат берүү документтерин албастан эле жумушка орношууга укуктуу. Эмгек жана жарандык-укуктук келишим РФнын аймагында убактылуу жашоо мөөнөтүн узартуу үчүн негиз болуп эсептелет.***

Петербургда жумуш издөөдө зарыл жардамды Сизге акысыз түрдө мамлекет көрсөтөт – Санкт-Петербургдун Эмгек жана калкты ишке орноштуруу боюнча Комитети жана анын ведомтволор аралык мекемелери.

**СПб ГАУ «Эмгек ресурстарынын борбору»**
- жумуш берүүчүлөрдөн чет жердик жумушчуларды ишке тартуу жөнүндө арыздарды жана бош орундарды кабыл алат;
- чет жердик жарандарга Санкт-Петербургда ишке орношуу үчүн зарыл болгон документтерди жол-жоболоого жардам берет;
- чет жердик жарандарды Санкт-Петербургдун аймагында иш менен камсыз кылууга жардам берет;
- медициналык текшерүүдөн, кесиптик-квалификациялык тесттен, орус тилинен билим деңгээлин текшерүү, РФнын тарыхы жана мыйзамдары боюнча тесттерден, медициналык камсыздандыруудан өтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштайт.

**Дареги:** 198207, Россия, Санкт-Петербург,
Трамвай проспектиси, 12-үй, 2-батир.
Телефону: +7 (812) 758-09-27
Сайты: **www.spbgauctr.ru**
Эл. дареги: gauctr@rspb.ru
Миграция маселелери боюнча түз байланышуу: +8 (800) 333-70-97

**СПб ГАУ «Санкт-Петербургдагы калкты иш менен камсыз кылуу борбору»**
- жарандарга ылайыктуу жумуш издөөдө, ал эми жумуш берүүчүлөргө зарыл болгон жумушчуларды тандоодо жардам берет;
- жарандарга иштөө чөйрөсүн ( кесиби боюнча), ишке орношуу, кесиптик билим алууну тандоо максатында кесиптик багыт берүү

жаатында жардамын көрсөтөт;
- бош орундардын жана үйрөтүп ала турган жумуш орундарынын жарманкесин уюштурат;
- эмгек рыногундагы абал жөнүндө маалымат берет;
- Санкт-Петербургдагы калкты иш менен камсыз кылуу боюнча райондук агенстволордун ишмердүүлүктөрүн жетектейт.

**Дареги:** 190000, Россия, Санкт-Петербург
Галерная көчөсү, 7-үй.
Тел: +7 (812) 571-00-41
Факсы: +7 (812) 571-00-27
Электрондук дареги: GAU@rspb.ru
Сайты: **r21.spb.ru**

**Санкт-Петербургдун райондорундагы калкты иш менен камсыз кылуу агенттиктеринде** россиялык жана чет жердик жарандар үчүн жана ошондой эле жумуш берүүчүлөр үчүн дагы тышкы миграция маселелери боюнча кеңеш берүү пункттары иштейт. Бул жерде ылайыктуу жумуш табууга жардам беришет.

Санкт-Петербургдун калкты жумуш менен камсыз кылуу агенттиктеринин (КИКА) толук тизмеси - **http://r21.spb.ru/empl/about/info.htm**

**Адмиралтейск районундагы КИКА**
Дареги: 190121, Санкт-Петербург,
Англис бурулушу, 45/26
Телефондор: 713-77-10, 714-70-18,
E-mail: **admin1.admiral@rspb.ru**

**Василеостровск районундагы КИКА**
Дареги: 199406, Санкт-Петербург, Шевченко көч., 27
Телефондору: 356-00-76, 356-10-48,
E-mail: **admin1.vasisl@rspb.ru**

**Выборгск районундагы КИКА**
Дареги: 194156, Санкт-Петербург, 2-Муринск бур, 31
Телефондору: 552-45-51, 552-76-06,
E-mail: **admin1.vyborg@rspb.ru**

**Калининск районундагы КИКА**
Дареги: 194044, Санкт-Петербург, Нейшлотск бурулушу, 23
Телефондор: 294-59-58, 294-59-58,
E-mail: **admin1.kalinin@rspb.ru**

**Кировск районундагы КИКА**
Дареги: 198188, Санкт-Петербург, Васи Алексеев көч., 20/24
Телефондору: 785-04-00, 785-02-36,
E-mail: **rczn1.kirovsk@rspb.ru**

**Колпинск районундагы КИКА**
Дареги: 196653, Санкт-Петербург, Колпино шаары,
Павловск көч., 1/21-үй
Телефондору: 461-70-42, 461-70-42, E-mail: **admin2.kolpino@rspb.**

**Красногвардейск районундагы КИКА**
Дареги: 195176, Санкт-Петербург, Революция шоссеси, 19
Телефондор: 227-60-87, 227-44-98,
E-mail: **admin1.krgv@rspb.ru**

**Красносельск районундагы КИКА**
Дареги: 198259, Санкт-Петербург,
Пограничник Гарькав көч., 36, 1-корп.
Телефондор: 730-10-26, 730-08-82,
E-mail: **admin1.krasns@rspb.ru**

**Кронштадтско районундагы КИКА**
Дареги: 197760, Санкт-Петербург,
Кронштадт, Владимирск көч., 27
Телефондор: 311-33-50, 311-33-50,
E-mail: **admin1.kronsht@rspb.ru**

**Курорт районундагы КИКА**
Дареги: 197706, Санкт-Петербург, СестрорецкДубковское ш., 11
Телефондору: 437-12-31, 437-12-58,
E-mail: **admin1.kurort@rspb.ru**

**Московск районундагы КИКА**
Дареги: 196191, Санкт-Петербург, Варшавск көч., 63, 1-корп.
Телефондор: 374-17-37, 374-17-29,
E-mail: **admin1.moscow@rspb.ru**

**Невск районундагы КИКА**
Дареги: 192131, Санкт-Петербург, Бабушкина көч., 52
Телефондору: 367-01-05, 362-56-71,
E-mail: **admin1.nevsky@rspb.ru**

**Петроградск районундагы КИКА**
Дареги: 197136, Санкт-Петербург, Большой пр. ПС, 74
Телефондору: 232-57-91, 233-39-00,
E-mail: **admin1.petrograd@rspb.ru**

**Петродворцов районаундагы КИКА**
Дареги: 198412, Санкт-Петербург,
Ломоносов көч., Петербургск көч., 2/10
Телефондору: 423-13-30; 423-14-33, 423-14-44,
E-mail: **admin1.lomonosov@rspb.ru**

**Приморск районундагы КИКА**
Дареги: 197374, Санкт-Петербург, Савушкина көч., 131
Телефондору: 345-33-17, 345-33-17; 345-35-86; 345-40-22,
E-mail: **secr041@rspb.ru**

**Пушкинск районундагы КИКА**
Дареги: 196607, Санкт-Петербург ш.,, Пушкин, Новая көч., 34
Телефондору: 465-80-30, 466-58-99,
E-mail: **admin1.pushkin@rspb.ru**

**Фрунзенск райондундагы КИКА**
Дареги: 192286, Санкт-Петербург, Бухарестская көч., 61
Телефондору: 701-62-67, 701-64-61, E-mail: **admin1.frunz@rspb.ru**

**Центральный райондундагы КИКА**
Дареги: 191015, Санкт-Петербург, Кирочная көч., 53/46-үй
Телефондор: 275-70-97, 275-27-09, E-mail: **rczn1.central@rspb.ru**

## ЭМГЕК КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ

### Эмгек келишимин түзүү

Эмгек келишими – жумушчу менен жумуш берүүчүнүн ортосундагы өз ара укуктар менен милдеттерди жөнгө салган келишим. Эмгек келишими боюнча жумушчу аныкталган кызматтагы иш-милдеттерди аткарууга жана ички эмгектенүү эрежелерине баш ийүүгө милдеттенет; жумуш берүүчү болсо жумуш берет, эмгектин жөнгө салынган шарты менен камсыз кылат жана эмгек маянасын өз убагында төлөп берет.

**Сиз жумуш берүүчүнүн кол тамгасы коюлган эмгек келишиминин экинчи нускасын сөзсүз түрдө колуңузга алууга милдеттүүсүз.**

Эмгек келишиминде төмөнкүлөр сөзсүз түрдө көрсөтүлөт (РФ ЭК57-бер . ылайык):
- жумушчунун аты, атасынын аты-жөнү жана жумушчунун паспорттук көрсөткүчтөрү;
- жумуш берүүчүнүн аты, атасынын аты-жөнү жана уюмдун аталышы, юридикалык дареги;
- жумушчунун ыктыярдуу түрдөгү медициналык жактан камсыздандыруу полисинин көрсөткүчтөрү;
- жумушчунун кызматы жана эмгектик иш-милдеттери;
- иштеген жери – уюмдун учурдагы дареги;
- жумуш башталган күнү, эмгек келишиминин мөөнөтү;
- эмгекти төлөп берүү шарттары, эмгек маянасынын, кошулуучу акчалардын көлөмү;

***Толук иш күнү менен иштеген жумушчунун эмгек маянасынын көлөмү аймактык ЭТМКнөн төмөн болбошу керек (эмгекти төлөөнүн минималдык көлөмү) – бул 2016-жылдын 1-январына карата Санкт-Петербургда ал 11700 рублду түзсө, Ленинград облусунда айына 7800 рублду, Москвада болсо - айына 17 300 рублди, Москва облусунда - айына 12 500 рублду түзгөн!***

- айлык маянасын төлөө эрежелери жана мөөнөтү;

***Эрежеге ылайык, жумушчуга эмгек маянасы бир айдын ичинде эки бөлүккө бөлүнүп төлөнөт: аванстык төлөм (бир айлык эмгек маянасынын жарымына чейин) айдын жарымына чейин берилет, негизги төлөм – адатта айдын акыркы күнү, бирок кийинки айдын 14-күнүнөн кечиктирилбей төлөнүп берилет (РФнын ЭКнин 136-бер. ылайык).***

- жумуш убактысынын режими;

***Иш күнүнүн узактыгы 8 сааттан, иш жумасы - 40 сааттан ашпоосу керек. Милдетинен сырткаркы аткарылган иш үчүн кошумча төлөм каралат (РФнын ЭКнин 152-153-154-бер. ылайыкталаптарына ылайык).***

- жумушчуну милдеттүү түрдө социалдык жактан камсыздандыруу шарттары – ар жыл сайын төлөнүп берилүүчү эмгек өргүүсү (28 иш күнүнөн ашык эмес), ооруп калган күндөрү (ооруп калган учурда) жана кырсыкка кабылган учурда камсыздандыруу (РФнын ЭКнин 115,183,327.3-бер.)

- башка уюмда ишти аткаруу мүмкүнчүлүгү.

***2016-жылдын 1-январынан тартып Россияда жалданма эмгекке (жумуш берүүчүнүн өз кызматкерлерин башка уюмга эмгек мамилелери жөнүндө келишим түзбөстөн жиберүүсү) тыюу салынды.***

***Бир гана иш менен камсыз кылуучу жеке агенттиктер катары каттоодон өткөн фирмалар өз жумушчуларынын эмгегин башка уюмдарга жана жеке тараптарга сунуштоого укуктуу, бирок ошону менен катар эле алар төмөнкүлөргө милдеттүү:***

***- чет жердик жумушчу менен эмгек келишимин түзүп жаткан учурда, жумушчунун үчүнчү тарап үчүн дагы аткаруу мүмкүнчүлүгү бар экендигин белгилениши керек;***

***- жумушчуну үчүнчү тараптын жумушун аткаруу үчүн жөнөтүп жаткан учурда жумушчу менен кошумча келишим түзөт;***

***Эгер Сиз иш менен камсыз кылуу агенттигине кайрылсаңыз – Сиздин эмгек келишимиңизде жогорудагыдай шарттар сөзсүз түрдө киргизилишине сөзсүз түрдө көз салыңыз .***

Жумуш берүүчү милдеттүү ( 22 ТК РФнын ЭКнин 22-бер.):

- Сизге эмгек маянаңызды эч кармабастан жана азайтпастан төлөп берүүгө;
- Эмгектин коопсуз ченемдерине жооп берген иш орундары менен камсыз кылууга;
- Сизге жумуш иштөө үчүн уруксат берилген мезгилге ылайык РФнын аймагында убактылуу болуу мөөнөтүн узартууга;
- Сизди уюмда кабыл алынган өзгөчө эрежелер жана көрсөтмөлөр менен тааныштырууга;
- иш учурунда жаракатка жана жагымсыз окуяларга кабылган учурда – Сизге келтирилген зыянды кайрадан калыбына келтирип берүүгө;
- Эмгек процесси учурунда чет жердик жумушчуларды басмырлоого жол бербөөгө.

**Сиз милдеттүүсүз:**

- эмгек келишиминин шарттарын ыктыярдуу түрдө аткарууга;
- өзүнүн жумуштан кетип жаткандыгы жөнүндө жумуш берүүчүгө 14 күн мурда кабарлоого;
- эмгектенүү күн тартибин жана техникалык коопсуздук эрежелерин сактоого;
- жумуш берүүчүнүн мүлктөрүнө жана инвентарга аяр мамиле кылууга;
- жумуш берүүчүгө адамдардын ден-соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирген кырдаалдын жаралгандыгы жөнүндө маалымат берүүгө;
- эмгек, медициналык китепчелерин, ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисти жол-жоболоого активдүү катышууга.

**Сиз укуктуусуз (РФнын ЭКнин 21-бер.ылайык):**

- ден-соолукка жана өмүргө коркунуч алып келе турган иштерди аткаруудан баш тартууга;
- иш башталганга чейинки 3 күндүн аралыгында Сизге эмгек келишиминин, эсептөө баракчасынын көчүрмөлөрүн, эмгек маянасынын көлөмү, төлөө мөөнөтү жөнүндө, дагы башка тастыктамаларды берүүсүн талап кылууга;
- өз укуктарыңызды коргоо үчүн Эмгектин мамлекеттик инспекциясына, Федералдык миграциялык кызматка, Прокуратурага жана сотко кайрылууга.

*Эмгек мыйзамдарына ылайык, Сизге айлык төлөбөгөн учурдан баштап, же Сиз менен эмгек келишими жокко чыгарылгандан кийинки 3 айдын ичинде сотко кайрылууга укуктуусуз. Абдан сак болуңуз жана зарылчылыкка жараша сотко өз убагында кайрылыңыз (РФ ЭК 392-бер).*

**Сиз эмгек келишиминин үлгүсүн төмөнкү даректен таба аласыз: www.migrantinfo.spb.ru «Сурамжылоо маалыматы» бөлүмүндө.**

**Жарандык-укуктук келишимди түзүү**

Ишке орношуп жаткандагы жарандык-укуктук келишим - кызмат көрсөтүү боюнча макулдашуу. Мындай келишимдерди жеке адам менен, фирма же уюм менен дагы түзсө болот. Мындай келишимдерден мисал: куруу тартиби, кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим ж.б. Бул келишимдин негизинде силер айлык маянасын ала албайсыңар. Тескеринче өзүңөрдүн аткарган иштериңерге жараша сыйлык аласыңар, анын көлөмү аткарылган иштин көлөмүнөн жана сапатынан көз каранды.

Мындай келишимдерге кол коюу орус тилинде так сүйлөөнү жана келишимдин тексти менен кылдат таанышууну талап кылат. Сиз келишим шарттары менен макул болбосоңуз, келишимге кол койбоңуз: Сиз мындай келишимдин тең укуктуу катышуучусусуз жана өз шарттарыңызды коё аласыз!

Көпчүлүк учурда жарандык-укуктук келишимдин негизинде мигранттар менен мамилени аутсорингдик компаниялар түзүшөт (мисалы, тазалагычтардын, эшик шыпыргычтардын, жалданма жумуштарды аткаруучулардын эмгегин уюштуруу боюнча), алар өз кызматкерлерин башка жумуш берүүчүлөргө ижарага беришет: курулушка, гипермаркетке ж.б.

Сиз милдеттүү түрдө жумушчу тарабынан кол коюлган жарандык-укуктук келишимдин экинчи нускасын колуңузга алышыңыз керек.

Жарандык-укуктук келишимде төмөнкүлөр камтылышы керек:
- жумушчунун аты, атасынын аты-жөнү жана паспорттук көрсөткүчтөрү;
- жумуш берүүчүнүн аты, атасынын аты-жөнү жана юридикалык дареги;
- жумуш орду – уюмдун учурдагы дареги, обьекттин дареги;
- жумуш башталган күн, жумушту\кызмат көрсөтүүнү аткаруу мөөнөтү;
- жумуштун көлөмү;

***Жумуштун көлөмү так аткарылышына көз салыңыз – аткарылган жумуштун көлөмүнөн Сиздин сыйлык акыңыз көз каранды.***

-шарттары, эмгектенүү режими жана сыйлык акынын көлөмү;

***Сөзсүз түрдө сыйлык акыны төлөп берүүнүн конкреттүү шарттарына көңүл бургула – алар мөөнөтүнөн сапатынан жана аткарылган иштин көлөмүнөн көз каранды болушу мүмкүн жана башка кошумча шарттар менен аныкталат.***

- сыйлык акыны төлөп берүүнүн тартиби жана мөөнөтү;
- сыйлык акыны төлөп берүүнүн кепилдиктери;
- жумуш берүүчүнүн милдеттери жана жоопкерчилиги – мисалы, жумушчу куралдарын берүү ж.б.;
- жумушчунун милдеттери жана жоопкерчилик;
- жумушчунун колу жана мөөрү, жумушчунун колу;
- келишимдин номуру жана аны түзүү датасы.

Жарандык-укуктук келишимдин шарттарын аткаруу жана кызмат көрсөтүү аткарылган иштерди кабыл алуу актысы аркылуу бекемделет, ал актта жумушчу жана жумуш берүүчү чогуу жумуш аткарылып бүткөндүгүн, жумушчу сыйлык акысын алгандыгын жана эки тараптын тең бири-бирине нааразычылыгы жок экендигин тастыкташат. Акт 2 нускада түзүлүп – бирөө жумуш берүүчүдө, экинчиси – жумушчуда калат.

*Көпчүлүк учурда аткарылган ишти же көрсөтүлгөн кызматты өткөрүп берүү-өткөрүп алуу жөнүндө актты жумуш берүүчү келишимдин текстине киргизип коёт. Сак болуңуз - өткөрүп берүү-өткөрүп алуу жөнүндө актка Сиз сыйлык акыны алмайынча кол койбоңуз. Акттын бир нускасы Сизде калышы керек.*

Эсиңизден чыгарбаңыз – жарандык-укуктук келишимдин шарттары россиянын мыйзамдарына карама-каршы келбеши керек. Жумуш берүүчүнүн Сизди күчкө салып жумушту аткартууга, негизсиз айып пул салууга, Сизге сыйлык акы төлөбөй коюуга, Сиздин эмгектенүүңүздү-жумушуңузду уюштуруп жатканда коопсуздук чараларын уюштурбай коюуга, Сизди уруксат кагаздары жок жумушка алууга акысы жок. Келишимде макулдашылбаган катачылыктарга катталса, жумуш берүүчү россиянын мыйзамдарына, анын ичинде эмгек кодексине ылайык аракеттерди кылышы керек.

Жарандык-укуктук келишимге кол коюу менен жумуш берүүчүлөр көпчүлүк учурда өздөрүнөн жумушчунун алдындагы кепилдиктеринен жана жоопкерчиликтеринен бошонууга аракет кылышат. Сак болгула – эгер Сиз фирмада же уюмда бир эле жумуш ордунда иштеп жаткан болсоңуз, Сиз менен бир гана эмгек келишимин түзүү керек.

Сиз төмөнкүлөргө укуктуусуз:

- Жумушчунун ден-соолугуна жана жашоосуна коркунуч туудурган жумуштарды аткаруудан баш тартууга;

- Сизге бардык макулдашуулардын, эсептөө барактарынын, айлык маянасын төлөөнүн мөөнөттөрү жана көлөмү жөнүндө тастыктамалардын көчүрмөлөрүн берүүсүн талап кылууга укугуңуз бар;

- Өз укуктарыңызды коргоо үчүн Мамлекеттин Эмгек инспекциясына, РФнын ИИМднн миграция маселелери боюнча шаардык башкармалыгына, прокуратурага жана сотко кайрылууга укугуңуз бар.

# РОССИЯДАГЫ ЖАШОО: ПАЙДАЛУУ КЕҢЕШТЕР

## Медициналык жардам

РФда чет жердик жарандарга медициналык жардам көрсөтүүнү жөнгө салуучу мыйзамдар жана токтомдор:

***- Россия Федерациясындагы жарандардын ден-соолуктарын коргоонун негиздери жөнүндө (Федералдык мыйзам, № 323-ФЗ, 21.11.2011-ж.)***
***- «Россия Федерациясынын аймагындагы чет жердик жарандарга медициналык жардам көрсөтүү эрежелерин бекитүү жөнүндө» (Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн токтому, 06.03.2013 № 186).***

**! РФнын** «Россия Федерациясынан чыгуунун жана Россия Федерациясына кирүүнүн эрежелери жөнүндө» федералдык мыйзамынын 5-пунктунун 27-беренесине №114-ФМ ылайык, чек арадан өтүп жаткан чет жердик жаранРФнын аймагында таасирлүү медициналык камсыздандыруу полисин көрсөтпөсө, РФна кирүүгө уруксат берилбейт.

Эгер Сизде ЫМК полиси жок болсо – Сизге айып пул төлөтүшү же РФнан чыгарып салышы дагы мүмкүн.

Полисти өз өлкөңүздөн эртерээк – аэропорттон же автобекеттен алсаңыз болот. Көңүл буруңуздар – полисти Сиз бара жаткан аймакта расмий өкүлчүлүгү бар уюмдан гана алуу керек.

Көпчүлүк учурда ЫМК полиси эмгектенген мигранттар үчүн жаракат алганда жана кырсыкка кабылганда акысыз медициналык жардам алуу укугун кепилдикке алат, ошондой эле каза болуп калган учурда сөөгүн өлкөсүнө репатриациялоо кызматы дагы кирет.

Медициналык кызматтардан колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси (ЫМК) болушу керек. Ал камсыздандыруу кампанияларынын кеңселеринде берилет.

Кимде ЫМК полиси болсо, төмөнкүлөргө ээ болот:
• бектапканадан тез жардам ала алат;
• тез жана кечиктирилбеген медициналык жардам алат;
• ооруканада тез жардам берилет;
• ЫМк келишиминде каралган башка кызматтардан колдоно алат.

ЫМК полисин алуу үчүн төмөнкү документтер керек:
- паспорт жана паспорттун нотариустан күбөлөндүрүлгөн котормосу;
- миграциялык карта жана анын көчүрмөсү;
- миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндө маалымдама (катталгандыгы жөнүндө) жана анын копиясы.

ЫМК полисин мигранттарга аксы үчүн жардамын көрсөткөн кеңселерден же фирмалардан камсыздандыруу кампанияларынын кеңселеринен ала аласыз. Ошондой эле, ЫМК полисин «Россия почтасы» бөлүмдөрүнөн алса болот.

*Эгер Сиз ЫМК полисин өзүңүздүн жумуш берүүчүңүз тарабынан алып жатсаңыз, Сизге кошумча түрдө Сиздин фирманын кол тамга коюу укугу бар ишеним кагазы каты керек.*

Полистин баасы жана таасирлүү мөөнөтү анда жазылган медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн өн көз каранды.

*Сизге ЫМК полисин берген камсыздандыруу уюмунун аталышын жана телефон номурун сөзсүз түрдө сактап алыңыз – анын Сиз өз полисиңизди жоготуп алган учурда абдан жардамы тиет, Сиз аны ошол эле камсыздандыруу компаниясына кайрылып калыбына келтирип аласыз же болбосо тез медициналык жардам керек болгон учурда аны бергендигин далилдей аласыз. Камсыздандыруу полисинин көчүрмөсүн чыгарып коюунун аны жоготуп калган учурда жардамы тиет.*

**Тез медициналык жардам кырсыкка кабылган учурда, төрөттө, жаракат алганда,** ууланганда жана башка адамдын ден-соолугуна жана жашоосуна коркунуч жаралганда ЫМК полисинин бар же жок экендигине карабай АКЫСЫЗ көрсөтүлөт.

*Эгер Санкт-Петербургда Сизге медициналык жардам көрсөтүүдөн баш тартышса, Сиз саламаттыкты сактоо комитетине кайрылышыңыз керек – анын ысык байланышынын телефону (812) 571-09-06. Өзүңүздүн ден-соолугуңуздун чың болушун коргоого даяр болуңуз!*

**Санкт-Петербургдагы тез жардам кызматтары, дарыканалар жана жаракатты калыбына келтирүү пункттары жөнүндө www. migrantinfo.spb.ru сайтынын «Сурамжылоо маалыматы» бөлүмүнөн таба аласыз.**

## ТУРАК ЖАЙДЫ ИЖАРАГА АЛУУ

Россиядан турак-жай табууну каалаган чет жердик жарандар төмөнкү варианттардан колдонушса болот:

- кыймылсыз-мүлк агенттиктери аркылуу турак-жайды өз алдынча арендага алуу;
- турак-жайдын ээлеринен түз ижарага алуу;
- жумуш берүүчүнүн жардамы менен жатаканаларга, же кошумча киреше табуучу үйлөргө жайгашуу.

Турак жай табууга аракеттенүү менен Сиз батир же бөлмө берile тургандыгы боюнча көптөгөн жарнаамалык жарыяларды көрө аласыз. Муну менен катар эле, өз адынча жашай турган жай табуу абдан татаал, турак-жайды ижарага алуу кымбат турат, өзгөчө ири шаарларда.

Петербургда турак жайды ижарага алуунун орточо баалары (коммуналдык төлөмдөрдү эске албаганда):

- бөлмө: 9000-12000 рубл/айына
- 1б. батир: 16000-26000 рубл/айына
- 2б. батир: 19000-36000 рубл/айына
- 3б.батир: 23000-43000 рубл/айына

Эрежеге ылайык, турак- жайды атайын агенттиктерге кайрылып ижарага алса болот. Кыймылсыз-мүлк боюнча ишеничтүү агенттиктердин жеке кеңселери бар жана жарнаамалык маалымат тактaларын илип коюп, ачык иштешет. Бул агенттиктердин кызматкерлери өз аттарын жана фамилияларын жашырышпайт, атайын басылып чыгарылган визиттик маалымдоо кагаздары бар, алар менен дайыма байланышып, жеке жолукса болот. Сиз агенттиктер менен кызмат көрсөтүү боюнча өзүнчө келишим түзсөңүз болот. Агенттиктердин кызматкерлери Сизге ылайыктуу вариантты тандоого жардам беришет, ошондой эле Сизге турак-жайды көрүүдө жана кожойкеси менен жолугушууда жардам берет. Агенттиктин адистери Сиздин суроолоруңузга абдан билгичтик менен жооп беришет жана турак-жайдын кожоюну менен ижарага алуу жөнүндө келишимге кол коюлгандан **кийин гана акысын алышат.**

Санкт-Петербургда турак-жайды ижарага алуу боюнча агенттиктер көп. Фирмалардын болжолдуу тизмеси менен бул жерден таанышсаңыз болот: **http://www.bn.ru/list_firms.php?search=1&next=0**

*Сак болуңуз – турак-жай рыногунда алдамчыларга дагы кабылып калышыңыз мүмкүн! «Маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр» менен алектенген фирмалардын жана абдан арзан варианттарды сунуштагандардын кызмат көрсөтүүлөрүнөн колдонбоңуз: мындай фирмалар мигранттар орус тилин начар билгендигинен жана турак-жайдын бааларын жөнүндө түшүнүктөрүнүн жоктугунан колдонушат. Эң арзан варианттардан качыңыз – бул алдоо: Сиз акчаңызды алдатып жиберүү жана жашай турган жайы жок калуу коркунучуна кабыласыз!*

Агенттердин кызматтары кымбат турат: агенттиктин адистери турак-жайды издеп жана ижарага алуу келишими түзүлгөнгө чейин коштоп жүргөндүгү үчүн 1 айлык ижаранын акысын алышат. Мындай шартта, турак-жайды ижарага кожоюну түз бере тургандыгы жөнүндө жарыяларды камтыган интернет-сервистерди колдонгула. Бул сервистердин тизмеси болушунча кенен, аларды издөө системаларынан табуу оңой. Эгер Сиз мындай сервистерди колдонууну чечсеңиз, анда кожоюндар менен өз алдынча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүңүз зарыл - потенциалдуу ижарага берүүчү Сизге кандай мамиле жасай тургандыгынан көп нерсе көз каранды.

Кандай гана болбосун, турак-жайды ижарага алуу ижарага берүүчү менен алуучунун ортосундагы жазуу жүзүндөгү келишимдин негизинде жүргүзүлөт. Оозеки келишимдерди жок кылуу абдан жеңил, ал Сизге эч кандай кепилдиктерди бербейт жана аларга ишенүү коркунучтуу.

Турак-жайды ижарага алуу боюнча макулдашуу ижарага берүү жана алуу келишими менен коштолот. Келишимге сөзсүз түрдө төмөнкүлөр киргизилет:
- батирдин кожоюнунун аты-жөнү, анын паспорттук даректери жана байланыш телефону;
- ижарага алуучунун аты-жөнү, анын паспорттук көрсөткүчтөрү жана байланыш телефону;
- турак-жайдын жеке менчик экендигин бекемдөөчү документтин номуру жана берилген күнү, жылы;

Эгер ижарага берүүчү турак-жайдын ээси болсо – ал Сизге жеке менчик укугу ага мамлекет тарабынан расмий катталгандыгы жөнүндө күбөлүктүн өзүн жана турак-жайды сатуу\сатып алуу жөнүндө келишимди көрсөтүшү керек. Эгер ижарага берип жаткан адам турак-жайдын чыныгы кожоюну болбосо – ал жогорудагы документтер менен чогуу батирдин ээсинин колу менен жазылган ишеним катты көрсөтүшү керек, ага ылайык ал аны берүүгө укуктуу, ошондой эле өзүнүн паспортунун жана батирдин кожоюнунун көрсөткүчтөрүн көрсөтүшү керек.

- турак-жайдын так дареги жана анын аянты;

*Турак-жайдын тиби сөзсүз түрдө көрсөтүлөт – батирби же бөлмөбү? Эгер Сиз коммуналдык батирден бир бөлмөнү ижарага алып жаткан болсоңуз – тактаңыз, Сиздин коңшуларыңыз барбы жана алар кимдер, Сизди алар менен тааныштыруусун сураныңыз.*

- батирди ижарага алуу мөөнөтү;
- ижара акысынын так мөөнөтү;
- ижарага алуучулардын саны жана алардын аты-жөндөрү;

*Келишимде ижарага алып жаткан батирде Сиз менен чогуу канча адам жашайт жана алар кимдер милдеттүү түрдө билип алыңыздар – Сиздин өзүңүз менен чогуу кожоюн тааныбаган адамдарды чогуу жашатууга укугуңуз жок!*

- ижара акысын ар бир кийинки ай үчүн төлөө мөөнөтү;

*Турак-жайдын ижара акысы үчүн өз убагында төлөө керек! Сиз ар бир айдын кайсы күнүнө чейин төлөшүңүз керек экендигин такташыңыз керек.*

- коммуналдык төлөмдөрдү төлөө мөөнөтү;

*Сиз коммуналдык төлөмдөрдү (суу, газ, электр жарыгы, жылуулук, телефон, интернет) ким жана кайсы мөөнөттө төлөй тургандыгын – Сиз, же ижарага берип жаткан адам менен түзгөн келишимде жазышыңыз керек.*

- турак-жайдагы бардык буюмдарды жана алардын абалын тизмелөө;

*Келишимге турак-жайда коюлган кожоюнга тиешелүү буюмдардын тизмеси сөзсүз тиркелиши керек - эмерек, тиричилик техникасы ж.б. Бул буюмдардын иштөө абалдарын сөзсүз түрдө текшериңиз жана Сиз бул буюмдарды кандайча колдоносуз, ал эми авария же бузулган учурда ким оңдоп калыбына келтире тургандыгынын баарын тактап алыңыз ж.б. Бирөөнүн буюмун кылдаттык менен пайдаланыңыз, аны сындырбаңыз!*

- күрөө акысынын суммасы жана аны кайтарып берүүнүн шарттары;

*Турак-жайды ижарага алып жаткандыгыңыз үчүн Сиз кожоюнга күрөө коесуз, күрөө – бул Сиз батирдеги буюмдарды бузуп алган учурда, ижара акысын төлөбөгөндө, узак мөөнөткө ижарага алуудан баш тартканда, коммуналдык төлөмдөрдү төлөбөгөн учурдагы компенсациянын баасын түшүндүргөн сумма. Адатта күрөө 1 айлык ижара акысы менен бирдей жана Сизге ижаранын мөөнөтү бүткөндөн кийин кайтарылып берилет. Күрөө Сиздин ижарага алуу келишимин сактоо кепилдиги катары кызмат аткарат жана эгер Сиз келишимди бузган болсоңуз, турак-жайдын ээси аны Сизге кайтарбайт. Милдеттүү түрдө күрөө берүү жана кайра кайтарып берүү шарттарын тактап алгыла!*

- ижара акысын бергендиги үчүн тил каттын формасы;

*Акчаны эч качан тил катсыз бербеңиз – акчага байланыштуу операциянын баардыгы кагаз бетине чагылдырылышы керек, бул Сизди алданып калуудан сактайт.*

- ижарага алуучунун укуктары жана турак-жайды ижарага алуу мөөнөтүн токтотуунун шарттары.

*Ижарага алууну токтотуу же чыгуу жөнүндө алдын ала, 1 же 2 жума мурун эскертүү керек. Ижарага алууну токтотуунун шарттарына милдеттүү түрдө көңүл бургула – кожоюндун Сизди эч негизсиз жана эскертүүсүз көчөгө чыгарып коюуга акысы жок!*

Турак-жайды ижарага алуу жана берүү келишими эки нускада түзүлөт, алардын бирөө сөзсүз түрдө Сизде калуусу зарыл!

***Алдамчылардан сак болуңуз! Ижарага алуу жөнүндө келишимге кол тамгаңызды коймоюнча жана бир нускасы өз колуңузга тиймейинче акчаны эч кимге бербеңиз!***

***Сиз өзүңүз ижарага алган турак-жайды досторуңузга берүүгө акыңыз жок – бул укук бир гана турак-жайдын ээсине тиешелүү. Турак жайдагы өзгөрүүлөрдүн баардыгы кожоюн менен макулдашылуусу керек – Сиздин өз табитиңизге жана каалооңузга ылайык, кожоюндун уруксаты жок эле оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүүгө, жаңы тиричилик техникасын орнотууга же эскисин алып салууга укугуңуз жок.***

-

Сиз ижарага алган турак-жайда тартипти жана тынчтыкты сактаңыз. Иш күндөрү 22.00дөн 7.00гө чейин, ал эми дем алыш жана майрам күндөрү - 22.00дөн 12.00гө чейин тынчтыкты бузууга тыюу салынат (Санкт-Петербургдун административдик укук бузуулар боюнча 8-беренеси): Сизге 500дөн 4000 рублга чейин суммада айып салышы мүмкүн!

! Жашоонун санитардык эрежелерин сактаңыз – ар бир адам үчүн 6 квадраттык метрден аз эмес аянт! Жашоонун санитардык эрежелерин бузуу көптөгөн маселелерди жаратышы мүмкүн: чогуу жашагандардын ден-соолуктарынын начарлашы, батирдеги буюмдардын талкаланышы, коңшулар жана турак-жайдын кожоюну менен карама-каршылыктар, ошондой эле милициянын текшерүүлөрү.

2014-жылдан баштап, мыйзамга ылайык, Сиз жашаган жериңиз боюнча каттого туруууга (миграциялык катоодон өтүүгө) **МИЛДЕТТҮҮСҮЗ** – каттоосу жок жашагандыгыңыз үчүн Сизге Москвада, Москва облусунда, Санкт-Петербургда, Ленинград облусунда айып пул салышы мүмкүн – 5000 рублдан өйдө айып пул салып жана өлкөдөн чыгарып, 5 жыл бою Россияга кирүүгө тыюу салышы мүмкүн. Батирдин кожоюну Сизди милдеттүү түрдө каттоого тургузушу керек!

***Сиздин ижарага алган батирде, же бөлмөдө жашап тургандыгыңыздын негизи турак-жайды ижарага алуу жөнүндө келишим болуп эсептелет, жашап турган дарегиңиз боюнча миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндө маалымдама (каттооңуз).***

Эгер Сизге турак-жайды ижара келишимисиз алууну сунуштап жаткан болушса – Сиз абдан тобокелчиликке барып жатасыз: турак-жайдын кожоюну же ортомчу Сизди каалаган учурунда, ижарага алуу мөөнөтү бүтө электе кууп чыгышы жана күрөө акыңызды бербей коюшу мүмкүн!

Турак-жайды ижарага алуу жана берүү келишиминин үлгүсүн Сиз төмөнкү сайттан алсаңыз болот:

**http://migrantinfo.spb.ru/home/spravochnaya-informatsiya/obraztsy-dokumentov-ispolzuemykh-v-protsesse-trudovoj-deyatelnosti-trudovykh-migrantov/dogovor-arendy-zhilya**

Чет жердик жарандарды уюштурулган чогултуу жолу менен ишке чакырган жумуш берүүчүлөр, эрежеге ылайык, өз кызматкерлерин жатаканаларга, же киреше табуучу үйлөргө жайгаштыруу жолу аркылуу турак жай менен камсыз кылышат. Мындай жумуш берүүчүлөр Эмгек Ресурстары Борборлоруна арыз тапшырышат: ал жака кайрылып, кызматкерлерин турак-жай менен камсыз кыла турган расмий жумуш оруңдары менен таанышууга болот.

СПб ГАУ «Эмгек ресурстары борборунун» дареги:
198207, Россия, Санкт-Петербург, Трамвайный просп., 12-2
Тел: +7 (812) 753-41-90,
Сайт: www.spbgauctr.ru, эл. почта: gauctr@rspb.ru .
Миграция маселелери боюнча ысык байланыш: 8 (800) 333 70 97.

Жумуш берүүчүнүн суроо-талаптарынын негизинде чет жердик жарандарды Санкт-Петербургдун кирешелүү үйлөрүнө жайгаштырууну СПб ГБУ «Санкт-Петербургдагы мамлекеттик турак-жай фондунун обьектилерин башкаруу боюнча дирекциясы» ишке ашырат.
Дареги: 191002, Санкт-Петербург, Достоевский көч., 6-үй.
Турак-жайларды ижарага алуу маселелери боюнча: тел/факс +7 (812) 764-7379.
Жарандарды кабыл алуу +7 (812) 404-6065 телефондору аркылуу алдын ала жазылуунун негизинде ишке ашырылат.

http://gosfondspb.ru/bronirovanie/zhilishhnyj-fond-kommercheskogo-ispolzovaniya/dohodnye-doma/ - киреше табуу үйлөрү жөнүндө маалыматтарды тапсаңыз болот.

Санкт-Петербургда жумушчу жатаканаларга жана шаардын хостелдерине жайгашууну сунуштаган компаниялар көп. Эгер Сиз алардын кызматтарынан пайдаланууну чечсеңиз, ижарага алуу келишимин түзүүдөн мурун конкреттүү жатаканада, же хостелде жашоо шарттары менен таанышыңыз: турак-жайдын санитардык-гигиеналык абалына турак-жайды сунуштаган компания жооп берет.

Жумушчу жатаканада жашоонун артыкчылыгы – туруктуу жашаган жери боюнча миграциялык жана расмий каттоого туруу мүмкүнчүлүгү. Мындан сырткары, жатаканалар кайтарылат жана тазалыкта сакталат. Бирок, жатаканада толук бир бөлмөнү эмес, жата турган кровать-орунду гана ижарага алууга болот: муну менен катар эле ижара аксы бир топ арзан болот, мисалы суткасына 200 рубль.

Санкт-Петербургдагы шаардык киреше табуучу үйлөр, турак-жайды ижарага алуунун эрежелери жана ал жакта жашоонун шарттары жөнүндө кенеңирээк маалыматты Сиз **www.migrantinfo.spb.ru** сайтынан **«Сурамжылоо маалыматы»** бөлүмүнөн таба аласыз.

## Документтерди текшерүү жана полиция менен сүйлөшүү

РФдагы документтерди текшерүүнү жана полициянын ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу мыйзам - «Полиция жөнүндө» ФМ (Федералдык мыйзам № 3-ФМ, 07.02.2011).

Дайыма буларды жаныңызга алып жүрүүңүз зарыл:
- паспорт;
- миграциялык карта;
- миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндө маалымдама (катталгандыгы жөнүндө);
- медициналык жактан ыктырядуу камсыздандырылгандыгы жөнүндө полис.

Бул документтерди текшерүүгө бир гана иш милдетин аткаруу нөөмөтүндө турган полиция кызматкерлери укуктуу.

**Жогорудагы документтердин баардыгынын көчүрмөлөрүн алып жүрүү пайдалуу.**

Полиция кызматкери Сизди токтоткон учурда өз наамын, ээлеген кызматын, аты-жөнүн, өз күбөлүгүн көрсөтүүгө, документтерди текшерүүнүн себептерин жана максаттарын түшүндүрүүгө (4-п., 5-бер. «Полиция» жөнүндө мыйзам) милдеттүү. Эгер полиция кызматкери өзүн тааныштырбаса, документтерди текшерүүнүн себептерин түшүндүрбөсө, анын үстүнөн арызданууга болот. Ал үчүн анын төшүндөгү белгисинин номурун жазып алыңыз.

Документтерди текшерүүнүн себептерин түшүндүрбөй туруп текшерүүгө болбойт. Мыйзам бузгандыгына күмөн санап жаткандыгына негиздер болуусу керек. Документтерди алдын ала эскертүү менен өз колунда кармап эле көрсөтсө болот.

Полиция кызматкеринде документтердин накта экендигине күмөн саноо жаралышы мүмкүн. Мындай учурда, аны менен чогуу атайын база боюнча накталыгын текшерүү үчүн жакынкы пунктка баруу зарыл.

Сиз кайда жүрөсүз жана ким менен сүйлөшүп жаткандыгыңыз жөнүндө досторуңузга маалымат берип коюуңуз, бул абдан маанилүү жана Сиздин коопсуздугуңузду жогорулатат.

Полиция кызматкери токтотуп, кармалган адамдын кандай укуктары бар:

- кармалган адам телефон аркылуу сүйлөшүүгө укуктуу (7-б., «Полиция жөнүндө» мыйзамдын 14-беренеси);
- кандай гана кармоо болбосун протокол түзүлүп, бир нускасы кармалган адамдын колуна берилет (Полиция жөнүндө мыйзамдын 15-б., 14-бер. РФ КОАП 2-п., 27-бер.);
- ар бир токтоткон учурда полиция кызматкери өзүн тааныштырууга, күбөлүгүн көрсөтүүгө, Сизге юридикалык жардам алууга, котормочу алууга, жакын адамдарыңызга маалымат берүүгө, түшүндүрмө берүүдөн баш тартууга укуктарыңыз бар экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү («Полиция жөнүндө» мыйзамдын 4-п., 14-бер.);
- жаранды соттун чечими чыкмайынча 48 сааттан ашык мөөнөттө кармоого болбойт.

Кармалган адам коргоочу, эгер тил билбесе котормочу талап кыла алат.

Документтерди полициядан сырткары, ИИМдин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын кызматкерлери атайын рейддердин жүрүшүндө текшере алышат. паспорт, миграциялык карта, миграциялык каттоого тургандыгы жөнүндө маалымдама (каттоодон өтүү), эмгек келишимин, медициналык полисти, патентти төлөнгөндүгү жөнүндө чеги менен чогуу текшеришет. Ошондой эле, иштеп жаткан жумуш орду документте көрсөтүлгөн жумуш орду менен дал келеби текшерилет.

ИИМдин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын кызматкерлери мындай текшерүүнүн жыйынтыгы менен полиция кызматкерлери эгер мыйзам бузуу болсо акт түзүшөт, же

административдик укук бузуу боюнча кылмыш иши козголгонду-гу жөнүндө протокол түзүлөт. Акттын же протоколдун бир нуска-сы милдеттүү түрдө кармалган адамдын колуна тапшырылат.

! Террордук акттардын кооптуулугунан улам, метронун кире беришинде же автобекеттен полиция кызматкерлери Сизди атайын чектен өтүүңүздү, же жүгүңүздү атайын детектордон өткөрүүңүздү сураныны мүмкүн. Бул аракеттер мыйзамдуу.

Эгер Сиз полиция кызматкерлеринин ыйгарым укуктарынан аша чапкан мамилелеринин курмандыгы болуп калсаңыз, бул тууралуу ИИМдин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгынын жеке коопсуздук боюнча ыкчам-издөө бөлүмүнө кайрыла аласыз.

195197, Санкт-Петербург шаары, Жуков көч, үй 7а
Нөөмөттө турган кызматкердин телефону: (812) 541-02-02
Ишеним телефону – (812) 573-21-81

Полициянын укуктары жана милдеттери жөнүндө Санкт-Петербургдагы полиция бөлүмдөрүнүн даректерин, ички иштер органдарынын аракеттерине даттануу мүмкүнчүлүктөрүн жана даттануу арызынын үлгүсүн Сиз **www.migrantinfo.spb.ru** сайтынын *«Сурамжылоо маалыматы»* бөлүмүнөн таба аласыз.

ЧЕТ ЖЕРДИК ЖАРАНДАРДЫН БАЛДАРЫ ҮЧҮН БИЛИМ БЕРҮҮ

РФдагы балдарга билим берүүнү жөнгө салган мыйзам: «Россия Федерациясындагы билим берүү жөнүндө» (Федералдык мыйзам №273-ФМ, 29.12.2012 –ж.)
Чет жердик жарандардын балдары РФнын жарандарынын балдары сыяктуу эле, акысыз түрдө балдар бакчасына жана мектепке баруу укугуна ээ.
Балдар РФда мыйзамдуу негизде болууга тийиш, т.а., миграциялык картасы бар болушу жана каттоодон өтүшү керек.

Сиздин балдарыңыз РФда мыйзамдуу негизде болуп, миграциялык картасы жана миграциялык каттоого тургандыгы (каттоодон өтүү) жөнүндө кабарламагы ээ болушу зарыл.
Чет жердик жарандардын 18 жаш-курагына толо элек балдары РФда иштөөгө укугу жок!

Евразиялык Экономикалык Биримдик Альянсынын келишиминин 97-беренесинин 5-пунктуна ылайык - Евразиялык Экономикалык Биримдигине кирген өлкөлөрдүн эмгектенген мигрант жарандары өз балдарын - РФдагы эмгек келишиминин мөөнөтү бүткөнгө чейин жүрө алышат.

***Россияда жүргөн мектеп жаш-курагындагы балдар мектепте окууга МИЛДЕТТҮҮ: эгер Сиз баланы мектепке бербей, аны эмгектенүүгө мажбурласаңыз жана аны начар шартта кармап жаткан болсоңуз – анда Камкорчу кызматы менен полиция Сизди жазага тартышы жана балдарды келген өлкөсүнө кайра жөнөтүүсү мүмкүн.***

**Балдар бакчасына кабыл алуу**

КМШ өлкөлөрүнүн жаранынын баласын – баланы балдар бакчасына, же мектепке берүү үчүн Сиз жакын жердеги балдар бакчасынын администрациясына же өзүңүздүн катталган жерге караштуу (эгер Сиз Санкт-Петербургда болсоңуз) райондук көп функционалдуу борборго (КФБ) кайрылышыңыз керек.

Санкт-Петербургдагы көп функционалдуу борборлордун тизмесин Сиз https://gu.spb.ru/mfc/list/ дареги боюнча таба аласыз.

Сиз төмөнкү документтерди өткөрүшүңүз керек:
- баланын туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү, туулгандыгы жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү;
- баланын миграциялык картасы;
- баланы анын ата-энеси жашаган жери боюнча миграциялык каттоого (каттоодон өткөрүү) тургузулгандыгы жөнүндө кабарлама;
- баланын медициналык полиси;
- баланын медициналык текшерүүдөн өткөндүгү жана коркунучтуу оорулар менен оорубай тургандыгы жөнүндө медициналык корутунду – аны атайын медициналык мекемелерден өтсө болот;
- ата-энесинин бирөөсүнүн паспорту, паспортунун көчүрмөсү;

- ата-энесинин бирөөсүнүн миграциялык картасы, миграциялык картасынын көчүрмөсү;
- ата-энесинин бирөөсүнүн миграциялык каттоого (каттоодон өтүү) тургандыгы жөнүндө кабарлама, каттоонун көчүрмөсү.

Бул документтерди өткөргөндөн кийин атайын арыз толтурулуп, бала балдар бакчасына жазылат.

Ири шаарларда жана калктуу пункттардагы балдар бакчаларында дайыма орун жетишпейт, ошондуктан кезмек күтүү маселеси жаралат, жана тайпадагы бир орун үчүн бир нече үй-бүлө кезмекте турушу мүмкүн. Эгер Сиздин балдар-бакчасында бош орун жок болсо, бала бош орун бар башка мекемеге жиберилет.

**Баланы мектепке кабыл алуу**

Жеке өздүк күбөлүгү бар жана Россия Федерациясынын аймагында жүрүүгө уруксат берген документи бар ар бир бала мамлекеттик билим берүү мекемелеринен билим алууга милдеттүү.

Баланы мектепке кабыл алуудан баш тартуунун жалгыз себеби, класстардагы орундун жоктугу болуп эсептелет – ар бир класстагы билим алган балдардын саны аныкталган нормативден ашпашы керек. Тигил же бул класска кабыл алуу окуу жылы башталганга чейин эле башталат – Сизге мектептин администрациясына эртерээк кайрылууңузду сунуштайбыз.

**Эгер мектептин класстары толуп калган болсо жана аларда орун жок болуп жатса, Сизди кабыл алуусу мүмкүн болгон жакын жердеги башка мектепке жөнөтөт.**

Эгер Сиз Санкт-Петербургда болсоңуз, баланы мектепке берүү үчүн   катталган жерге караштуу (эгер Сиз Санкт-Петербургда болсоңуз) райондук көп функционалдуу борборго (КФБ) кайрылышыңыз керек. Кийинки окуу жылына кабыл алуу 1-июндан башталат.

Санкт-Петербургдагы көп функционалдуу борборлордун тизмесин Сиз   https://gu.spb.ru/mfc/list/ дареги боюнча таба аласыз.

